# Эл аралык Камери Ай башы жана Хижри Календар Биримдиги Конгресси

**28-30-Май 2016**
**СТАМБУЛ**

## НАКЫЛ ЖАНА АКЫЛ ДАЛИЛДЕРИ МЕНЕН ЖАҢЫ АЙДЫН КӨРҮНҮҮСҮ


**ТҮРКИЯ КАЛЕНДАРЫ**
**УБАКЫТ ЭСЕПТӨӨ КОМИССИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ**

**Тел: +90 212 454 2388**
**Web: www.turktakvim.com E-mail: info@turktakvim.com**

# КЫРГЫЗЧА

# МАЗМУНУ


| Тема № | Тема | Бет |
|---|---|---|
| 1 | МАКСАТ | 3 |
| 2 | ОРОЗО МЕНЕН АЖЫЛЫК ЖАНА КУРМАНДЫК АЙЛАРЫ «НАСС» МЕНЕН БЕКЕМДЕЛГЕН | 3 |
| | а. Айдын көрүнүүсү менен байланыштуу Аяти карима жана Хадиси шарифтер | 3 |
| | б. Насста ижтихадга уруксат жок | 4 |
| | в. Накыл жана акыл далилдери менен айдын көрүнүү убактысынын эсептелинбей тургандыгы бекемделген | 4-6 |
| | г. Ислам Аалымдары жана Ислам Астрономия адистери айдын көрүнүүсү тууралуу билдиришкен зарыл маалымат | 6-9 |
| 3 | USNO (US NAVAL OBSERVATORY) САЙТЫНДА АЙДЫН КӨРҮНҮҮСҮНӨ БАЙЛАНЫШТУУ МААЛЫМАТ | 9 |
| 4 | ИБРАНИ КАЛЕНДАРЫ | 9-10 |
| 5 | РАЖАБ-1437 АЙЫНА ТИЙИШТҮҮ АЙДЫН КӨЗӨМӨЛҮ | 10 |
| 6 | НАТЫЙЖА | 10-11 |

## Эл аралык Камери Ай башы жана Хижри Календар Биримдиги Конгресси

**28-30-Май 2016**

### НАКЫЛ ЖАНА АКЫЛ ДАЛИЛДЕРИ МЕНЕН ЖАҢЫ АЙДЫН КӨРҮНҮҮСҮ

### 1. МАКСАТ

Календарыбыздын максаты Хижри Камери Ай башынын так белгиленүүсүнүн кандайча ишке ашырылуусу керек экендиги тууралуу динибиздин буйруктары жана астрономия илиминин жарыгында түшүндүрүү болуп саналат.

### 2. ОРОЗО МЕНЕН АЖЫЛЫК ЖАНА КУРМАНДЫК АЙЛАРЫ «НАСС» МЕНЕН БЕКЕМДЕЛГЕН

Камери айлардын биринчи күнүнүн, өзгөчө Рамазан жана Зилхижжа айлары үчүн айдын көрүнүүсү менен аныктала тургандыгы ачык билдирилген.

**a. Айдын көрүнүүсү менен байланыштуу Аяти карима жана Хадиси шарифтер:**

- **«Сенден айлар тууралуу сурашууда, айт: Алар адамдар жана ажылык үчүн микаттар (убакыт белгилери).»** (Бакара сүрөсү 189чу аяти карима.) Шейхул ислам Мустафа Сабри Эфенди 189чу аяти кариманы бул маселеде далил катары билдирген.

- **(Меракыл-фелах)** китебиндеги хадиси шарифте: **«Айды көргөндө орозо кармагыла! Кайра көргөндө орозону таштагыла!»** - деп буюрулган.

- **«Айды көрмөйүнчө орозо кармабагыла: аны көрмөйүнчө Айт майрамын да кылбагыла. Эгер горизонт булуттуу болсо такдир кылгыла** (өзүңөр карап көргүлө)**»** (Бухари, Муслим, Несаи, Дарими, Муватта-и Имам-ы Малик, Муснед-и Ахмед бин Ханбел)

- **(Ибни Абидин) биринчи том, эки жүз сексен тогузунчу бетте кыбыланы аныктоону түшүндүрүп жатып мындай деп жазган: «Рамазан шарифтин биринчи күнүн түшүнүүдө календарларга ишенилбеши керек дешкен. Себеби, орозо асманда жаңы айды көрүү менен парз болот. Пайгамбарыбыз «саллаллаху алейхи ва саллам»: «Айды көргөндө орону баштагыла!» - деп буюрган. Бирок, айдын чыгуусу көрүү менен эмес эсеп менен болот жана эсеп сахих болуп, ай билдирген түнү чыгат. Бирок, ал түнү көрүнбөй бир түн кийин көрүнүшү мүмкүн жана орозону ай чыккан түнү эмес көрүнгөн түнү баштоо керек. Себеби, Исламият ушундай буйрук кылган.»**

**б. Насста ижтихадга уруксат жок**

Көрүнүп тургандай аяти карима болсун, керек болсо хадиси шарифтердин дагы мындай ачык көрсөтүүлөрүнөн кийин бул маселеде ижтихадга уруксат жок экендиги Межелленин 14чү темасынын өкүмү менен бекем. Себеби, бул темада «Меврид-и Насста ижтихадга уруксат жок» деп буюрулууда.

Ошондой эле, Осман бин Али Зейлаинин **(Кенз)** китебине түшүндүрмө катары жазган **(Табийин-ул-хакайык)** жана Абу Бакр Шатанын **(Ианат-ут-талибин)** китептеринде рамазандын бекемделүүсү айдын көрүнүүсү менен же Шабан айынын отузунун толуктануусу менен боло тургандыгына тууралуу ижма пайда болгондугу жазылуу.

**в. Накыл жана акыл далилдери менен айдын көрүү убактысынын эсептелинбей тургандыгы бекемделген**

Ислам Аалымдары менен Астрономия адистери жана Заманбап Астрономия Уюмдары жана адимтери эсеп менен Айдын Көрүнүүсүнүн мүмкүн болбой тургандыгын, бирок, расад (көзөмөлдөө) менен боло тургандыгын ар кандай эмгектеринде ачык жана так, эч бир шекке жол бербей тургандай кылып билдиришкен.

- Жогоруда аты аталган «Насс» менен билдирилген буйруктар боюнча Рамазан айы хилалдын (жаңы айдын) көрүнүүсү менен башталат. Айды көрүүдөн мурда кылынган эсеп менен, календар менен башталуунун жаиз болбогондугун **(Ибни Абидин)** кыбыла баянында жана **(Эшиат-ул-лемеат)** жана **(Нимет-и ислам)** авторлору билдиришкен.

- Ошондой эле, **(Ибни Абидин)**: «... Рамазандын башталгандыгын түшүнүү үчүн болсо астрономиялык эсептерге уюлбайт. Себеби, Рамазан шарифтин башталуусу асманда жаңы айды көрүү менен болот. Хадиси шарифте: «Жаңы айды көргөндө орозону баштагыла!» - деп буюрулду. Жаңы айдын чыгуусу көрүү менен эмес эсеп менен билинет. Эсеп билдирген так жана туура болот. Бирок, ай чыккан түнү көрүнүшү мүмкүн болгондой эле ал түнү көрүнбөстөн экинчи түнү көрүнүшү мүмкүн. **Рамазандын башталуусу жаңы айдын чыгуусу менен эмес жаңы айдын көрүнүүсү менен боло тургандыгы буйрук кылынды.» Бирок, календарлар жаңы айдын көрүнүүсүн эмес чыгуу убагын эсептеп билдиргендиги үчүн Рамазан айынын башталуусу календар менен билинбейт.**

- Рамазанды жана Айт майрамды календар менен, эсеп менен баштоо жаиз болбогондугу **(Фетава-и Хиндиийе)** китебинде жазылуу. Шабандын отузунчу түнү бир шаарда ай көрүнгөндө бүткүл дүйнөдө орозону баштоо керек болот. Күндүз көрүнгөн ай келе турчу түндүн айы болуп саналат.

- Шабан айынын отузунчу түнү күн батканда жаңы айды издөө жана көргөндө казыга барып кабар берүү – важиб-и кифайа. Такыйуддин Мухаммед ибни Дакик мындай деген: «**(Ижтима-ы нейййирейн)**ден 1-2 күн өтпөстөн жаңы ай эч көрүнбөйт.

- **(Мажмуа-и Зухдиййа)**да мындай делген: «Шаввал айынын жаңы айын көргөн бирөө ифтар кыла албайт. Себеби, булуттуу асманда Шаввалдын жаңы айын эки эркектин же бир эркек менен эки аялдын көрдүм деп айтуулары керек. Ачык асманда Рамазан жана Шаввалдын жаңы айларын көп адамдын көрдүм деп айтуулары керек.»

- **(Кадыхан)**да мындай делган: «Жаңы ай шафактан «куптандан» кийин батса экинчи түндүн, шафактан «куптандан» мурда батса биринчи түндүн жаңы айы.»

- Элмалылы Хамди Эфенди **(Себил-ур-решад)** мажмуасынын 22чи томундагы макаласында мындай деген: «Шарият илими рамазан айында орозонун башталуусун астрономиялык эрежелерге эмес айдын көрүнүүсүнө байланыштуу кылгандыктан бул маселеде эсепке этибар кылган эмес.»

- Дагы Элмалылы Хамди Эфенди ошол эле макалада: «Орозонун башталуусунун жаңы айдын көрүнүүсүнө байланыштуу болуусу жана анын орозонун башталуусунун себеби болуусу эч бир шексиз баяндалган. Көзөмөлдөө дегенде, бир жагынан, айдын өзү көрүнбөй тургандыктан муну «жаңы ай көрүнүүсү» маанисине жүктөө керек болот.

  **«Айды көрмөйүнчө орозо кармабагыла: аны көрмөйүнчө Айт майрамын да кылбагыла. Эгер горизонт булуттуу болсо такдир кылгыла** (өзүңөр карап көргүлө)**»** деген Хадиси шариф дагы аяти каримадагы көрүнүү дегенде максат жаңы айдын көрүнүүсү болгонунда жана негизги себептин көрүнүү экендигинде күмөн жок. Бул аяти карима жана хадиси шарифтерге караганда айдын көрүнүүсүнүн эсеп менен билинүүсү мүмкүн эмес» деген түрдө түшүндүргөн.

- Обсерватория мүдүрү жана Дар-ул-фунун комиссия мудариси Фатих Гөкмен Эфенди **(Себил-ур-решад)** мажмуасынын 22чи томундагы макаласында «Шарият аалымдарынын сөз бирдиги менен билдиришет: Эгер рамазан жаңы айынын жана Айттын жаңы айын көрүү мүмкүн болбосо мурунку ай 30 күндү толуктоосу керек. Буга далил катары төмөндөгү хадис келтирилет: **«Жаңы айды көрсөңөр орозо кармагыла, кайра көрсөңөр Айтты майрамдагыла, эгер жаңы ай булут жана ушуга окшошо нерселерден улам көрүнбөй турган болсо такдир кылгыла** (өзүңөр карап көргүлө)**».** Шарият аалымдарынын көпчүлүгү бул жердеги такдир деген сөздү 30 күндү толуктоо деп тафсир кылышкан. Аларды бул тафсирге түрткөн себеп ошол эле маанидеги билдирилген башка хадистердеги **«такдир кылгыла» , «30 күн орозо кармагыла», «Шабанды отузга толтургула», «30 күнгө толтургула»** деген сүйлөмдөрдүн болуусу.

Жаңы айдын көрүнүүсү туурасындагы астрономия комитетинин өкүмдөрүн жалгыз далил катары көрсөтпөсөм дагы бул эки далилге караганда бул көбүрөөк мыйзам ченемдүү деп көрөм. Б.а., эсептен мурда эки күбөнүн жаңы айды көрдүм деп айтууларына этибар кылынбайт. Себеби, эсеп (ижтима убактысы эсеби) так жана эсептен мурда айдын көрүнүүсү мүмкүн эмес.

Шафии аалымдарынан имам Субки «рахимахуллаху таала»: «Шабандын отузунчу түнү жаңы айды көргөндүгүн айткан бирөө болсо эсеп менен, айдын бир түн кийин чыга тургандыгы билдирилсе бул жерде эсепке ишенилет. Себеби, эсеп менен билингени так. Чыгуудан бир түн мурда көрүнүүсү мүмкүн эмес», - деген. [Жаңы айды көрүү менен Рамазандын башталуусу эсеп менен билингенден бир күн кийин болушу мүмкүн. Бирок, бир күн мурда боло албайт.]

- Дин Иштери Башкармалыгынын Хижри Камери Ай баштарынын аныкталуусу тууралуу 30.04.1963 жылкы 12712 сандуу жазуусуна жооп катары Стамбул Техникалык Университети тарабынан берилген 17-Июнь 1963-жылкы 557 сандуу жообу жазуунун кошумчасында орун алган СТУ Архитектура Факультети Жогорку Математика Бөлүмүнөн Проф. Хамит Дилгандын колу коюлган жазууда:

**«Эсептөөлөрдүн акыры төмөндө билдириле турчу бардык көрүнүү шарттары ылайык болгон күндө дагы жаңы айдын чыныгы көрүнүүсү мүмкүн болбошу мүмкүн.»**
....
**Кыскача: жаңы айдын көрүнүү мүмкүндүгү менен чыныгы көрүнүү абалын бири-биринен айырмалоо керек»,** - делген.

Бул жерден түшүнүлүп жаткандай Хижри Камери Ай баштарынын так аныкталуусу көрүнүү менен ишке ашат. Эсеп божомол. Так эмес.

Чындыгында, Дин Иштери Башкармалыгы да төмөндө дареги берилген интернет сайтында: «Камери айдын башталуусу үчүн Хазрети Пайгамбардын хадисине ылайык Жаңы айдын көрүнүүсү шарт» деп жарыяланган.

http://www2.diyanet.gov.tr/DinHizmetleriGenelMudurlugu/Sayfalar/Tanim.aspx
(25.05.2016 21:00)

**г.** Ислам Аалымдары жана Ислам Астрономия адистеринин жаңы айдын көрүнүүсү тууралуу билдирген зарыл маалыматы:

Рамазан жана Айт айларынын күбөлөр менен шариятка ылайык түшүнүлбөгөн жерлерде Зилхижжа айынын биринчи күнү жана бул жерден дагы онунчу күнү, б.а, Курман Айт майрамынын биринчи күнү эсеп кылынат.Майрамдын биринчи күнү – бул эсеп менен табылган күн. Же бир күн кийин. Бир күн мурда болбойт. Себеби, асманда ай чыгуудан мурун көрүлбөйт.

Ай Күндүн жана жылдыздардын батыштан батышка карай болгон күнүмдүк кыймылдарына катышкандыгы сыяктуу Жер шарынын айланасында батыштан чыгышка карай да кыймылдоодо. Бул кыймылы Күндүн батыштан чыгышка карай болгон жылдык кыймылынан да тез. Ай бул кыймылында бир айлампасын 27 күн 8 саатта толуктоодо. Бул себеп менен күндүк айлампасын жылдыздардан элүү мүнөт 30 секунд кийин толуктайт. Күн болсо күнүмдүк кыймылын төрт мүнөт кийин толуктоодо. Ошондуктан Ай бир күн мурункуга салыштырганда Күндөн кийин Нысф-ун-нехарга [күндүз мөөнөтүнүн ортосуна] келет жана биринчи түнү Күндөн 45 мүнөт кийин батат. Ай Жер шарынын айланасында айланып жатканда орбитасы турган учуусу менен эклиптик учуусу арасында болжол менен беш градустук бир бурч бар. Ар айлампасында бир жолу Ай менен Күн Жер шарынын бир тарабында болуп үчөө бир катарда болушат. Бул абал (Ижтима-и неййирейн=Conjunction=Конъюнкция) деп аталат. Бул абалда Айдын бизге караган жүзү караңгы болууда. Биз Айды көрө албайбыз. Бул убак **(Мухак)** (Айдын караңгы тарабы) деп аталат. Мухак убагы дайыма эмес. Жыйырма сегиз саат менен жетимиш эки саат арасында өзгөрүүдө. Османлы аалымдарынын календарларында эң көп үч күн [72 саат] эсептелгендигин көрүүдөбүз. Ижтима убактысы Мухак убагынын дал ортосу болуу менен, илимий календарларда ар үчүн жазылган. Жер шары да Күндүн айланасында кыймылдагандыгы үчүн эки ижтима убагы арасындагы убакыт 29 күн 13 саат болууда. Ижтима убагында сегиз даража [болжол менен 14 саат] өтүүдөн мурда, б.а., Жер менен Айды жана Жер менен Күндү бириктирген эки жарым туура арасындагы **(Бейнунет=Elongation=Элонгация)** бурчу сегиз градустан [14 сааттан] аз кезде Ай эч качан, эч бир жерде көрүнбөйт. Эң көп 18 градус болгондо Ай караңгыдан кутулуп, Күн батып жатканда 45 мүнөт ичинде батыш тарабында горизонт сызыгынын үстүндө жаңы айдын хилалы көрүнөт. Бирок, 57 мүнөт **(Ихтилаф-ы манзар)**ынан улам горизонтко 5 градус жакындаганда көрүнбөйт. Мухактан (караңгылыктан) кутулган кезде кайсы мамлекетке күн батып жаткан болсо ошол тул градустагы мамлекеттерден жаңы ай көрүнөт. Кийинки сааттарда же түнү булардын батышындагы мамлекеттерде дагы Күндүн батышынан кийин көрүнүшү мүмкүн.

Бул эсептер камери айдын башталган убактысын табуу үчүн эмес. Жаңы айдын көрүнө турчу түндү билүү үчүн. Имам Субки да ушундай деген. Имамдын сөзүн тескери которгондорго алданбоо керек. Жаңы айдын көрүнүүсү календар менен билдирилген күн же мындан бир күн кийин болот, бир күн мурда болбойт. (**Тахтави жана Шернблали хашиялары** (түшүндүрмөлөрү)).

Асманда Рамазан шариф жаңы айын издөө – ибадат. Көрүнүп тургандай Рамазан шариф башталышын алдын ала кабар берүү – Исламиятты билбөөнүн белгиси. Курман Айт майрамынын биринчи күнү да Зилхижжа айынын жаңы айын көрүү менен түшүнүлөт. Зилхижжа айынын тогузунчу Арафа күнү эсеп менен, календар менен түшүнүлгөн күн же мындан бир күн кийин болот. Мындан бир күн мурда Арафатка чыккандардын ажылыктары сахих болбойт. Эч бири ажы боло албайт. Шабандын жыйырма тогузунчу күнү күн батканда батыш тарабындагы захири горизонт сызыгынын үстүндө Рамазандын жаңы айын издөө – важиб.

Ишеничтүү болгон, б.а., чоң күнөө кылбаган, ахли сүннөт бир мусулман жаңы айды бүркөк болгон асманда көргөндө сотко, акимге кабар берет. Кабыл кылса ар жерде Рамазан башталат. Сот, акими жок жерде бир мусулман жаңы айды көргөндө ал жерде Рамазан башталат.

Бидатчылардын, фасыктын сөзү кабыл кылынбайт. Ачык асманда көп адамдын кабар берүүсү керек. Жаңы ай көрүнбөсө Шабан айы отуз күн деп кабыл кылынып,

эртеси күнү Рамазан болот. **Календар менен, астрономиялык эсептер менен Рамазан башталбайт.**

**(Бахр)** жана **(Хиндиййе)** китептеринде жана **(Кадихан)**да мындай делет: «Бир адам Рамазандын башын билбестен календарды карап бир ай орозо кармаса Рамазанжан бир күн мурда жана Рамазандын экинчи күнү же дал Рамазан башында орозону баштаган болушу мүмкүн. Биринчи жагдайда Рамазандан бир күн мурда кармаган болот жана Рамазандын акыркы күнү Айтты майрамдаган болот. Экинчи жагдайда Рамазандын биринчи күнүн орозо кармабаган, акыркы күнү болсо Айтта кармаган болот. Бул эки жагдайда тең Рамазандын жыйырма сегиз күнү орозо кармаган болуп, Айттан кийин эки күн казасын кармоосу керек болот. Үчүнчү абалда орозо кармаган бир айын биричи жана акыркы күндөрүнүн Рамазанга дал келгендиги күмөндүү. Рамазан болгондугу күмөндүү күндөрдөгү орозо сахих болбогондугу үчүн мында да эки күн каза кармайт.» Мындан түшүнүлгөндөй Рамазанды асманда жаңы айды көрүү менен эмес мурунтан даярдалган календарларга карата баштагандардын Айт майрамынан кийин эки күн каза ниети менен орозо кармоолору керек. Мисалы, «Рамазандан кийин эки күн каза орозо кармоо кайдан чыкты? Эч бир китепте мындай нерсе жок», - деп айтышууда. Китептерде жазылган эмес деген сөз жаңылыш. Себеби, ар кылымда ар жерде Рамазан айы жаңы айды көрүү менен башталган. Эки күн каза орозону кармоонун керек жок эле. Азыр болсо кээ бир мамлекеттерде Рамазан айы жаңы айдын чыккан убагын эсеп кылуу менен башталып жатат. Рамазандын башталуусу Ислам өкүмүнө ылайык болбоодо. Бул катаны оңдоо үчүн Айт майрамынан кийин эки күн орозо кармоо керек болгондугу Тахтавинин **(Меракыл-фелах**) хашиясында жазылуу. Рамазанды жаңы айды көрбөстөн баштап, жыйырма тогузунчу түнү Айт майрамынын жаңы айы көрүнсө Шабан жаңы айдын көрүнүүсү менен башталган болсо Айттан кийин бир күн каза кармалат. Жаңы айдын көрүнүүсү менен башталбаган болсо эки күн каза кармала тургандыгы **(Хиндиййе)** жана **(Кадыхан)**да жазылуу.

**(Ибни Абидин)** «рахимахуллаху таала» **(Радд-ул-мухтар)** китебинде буюрууда: «Рамазан айынын башында асманда хилалды, б.а., жаңы айды издөө акылдуу жана балакаттагы ар бир мусулмандын үстүнө вабиж-и кифайа. Күргөндө казыга, б.а., сотко кабар берүүчү да – важиб. Казы кабыл кылып жана жарыя кылса [ар мамлекетте] бардык мусулмандардын ошол күнү орозо кармоолору парз болот. Булуттуу асманда ишеничтүү бир мусулмандын кабары кабыл кылынат. Булутсуз асманда көп адамдын кабар берүүсү керек. Казысы же мусулман акими болбогон жерлерде ишеничтүү бир мусулмандын көрдүм деп айтуусу менен мунун уккандардын орозо кармоолору керек болот. **Рамазан айынын календар менен, эсеп менен башталуусу жаиз эмес. Ишеничтүү болсо дагы Рамазан айынын башталуусу үчүн булардын эсептеринин баасы жок.** Булардын Рамазандын жаңы айынын чыгуусун мурунтан кабар берүүлөрү менен Рамазан орозосу башталбайт. Шафии аалымдарынан Имам Субки «рахимахуллаху таала»: «Шабандын отузунчу түнү жаңы айды көргөндүгүн айткан бирөө болсо, эсеп менен жаңы айдын бир түн кийин чыга тургандыгы билдирилсе бул жерде эсепке ишенилет. Себеби, эсеп менен түшүнүлгөнү так. Чыга электе бир түн мурда көрүнүүсү мүмкүн эмес», - деген. [Жаңы айды көрүү менен орозонун башталуусу эсеп менен билингенден бир күн кийин болушу мүмкүн. Бирок, бир күн мурда боло албайт.] Шамс-ул-аимма Халвани «рахимахуллаху таала» буюрууда: «Рамазан айынын башталуусу жаңы айдын көрүнүүсү менен болот. Жаңы айдын чыгуусу менен болбойт. Эсеп жаңы айдын чыккандыгын билдиргендиги үчүн Рамазан шариф айынын башталуусу эсеп менен түшүнүлбөйт. Эки ишеничтүү мусулмандын «жаңы айды көрдүк» деп айтуулары менен же казынын өкүм берүүсү менен **бир жерде Рамазан башталганда дүйнөнүн ар жеринде орозону баштоо керек болот. Ажылык, курмандык жана намаз убакыттары мындай эмес. Булар убакыттарынын бир**

**жерде маалым болуусу менен, башка жерлерде дагы мындай болуулары керек болбойт.»»** [Б.а, бул үчөө махалли (бир аймакка таандык).]

## 3. USNO (US NAVAL OBSERVATORY) САЙТЫНДАГЫ ЖАҢЫ АЙДЫН КӨРҮНҮҮСҮ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

USNO АКШда илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн тамыры терең уюм болуп саналат. Башкы милдети – позиция, убакыт белгилөө жана навигация темаларында АКШ деңиз күчтөрүнө жана Коргоо Министрлигине маалымат даярдоо. USNO АКШ Аба Күчтөрү тарабынан иштетилген GPS космостук системалары үчүн конфеденциалдуу убакыт маалыматтарын камсыздаган Башкы Саат системасын да иштетүүдө. Ошондой эле, космостук материялардын көзөмөлдөнүүсү жана өлчөлүүлөрүн дагы аткарууда.

https://en.wikipedia.org/wiki/United_States_Naval_Observatory

USNOнун веб сайтында жаңы айдын көрүнүүсү темасында орун алган түшүндүрмөлөрдүн Англисче нускасы бул тексттин кошумчасына жайгаштырылган, анын веб сайт дареги төмөндөгү:

http://aa.usno.navy.mil/faq/docs/crescent.php (2016-05-25 22:52)

USNOнун бул веб сайтында жаңы айдын көрүнүүсү менен байланыштуу орун алган маалыматтардын биринчи сүйлөмү мындай:

«Ар Жаңы Айдын (ижтимасын) күн жана сааты так эсептелүүсүнө карабай **айдын көрүнүү мүмкүндүгү** жаңы айдан баштап өткөн убакка жана башка бир канча факторго байланыштуу жана **эсеп менен так түрдө белгиленүүгө мүмкүн эмес.»**

## 4. ИБРАНИ КАЛЕНДАРЫ

Бухари Ибни Аббастан хижрат тууралуу ушул хадиси шарифти риваят кылган: «Расулуллах Мадинага келген кезде Яхудилерди орозолуу абалда көргөндө «Бул кайсы орозо» деп сураган экен, «Бүгүн салих бир күн. Бани Исраил душмандары (фараон)дун жамандыгынан калас болгон күн. Хазрети Муса алейхиссалам ниматка шугур кылуу үчүн бул күнү орозо кармаган» деген жоопторун алганда Расулуллах: «Биз Мусага силерден да көбүрөөк акылуубуз», - деп буюруп, өзү орозо кармады жана асхабына да кармоолорун буйрук кылды.» Аль-Бируни бул күндүн Яхуди ташри айынын ону экендигин айткан.

Б.а., Яхудилер дагы диний күндөрү жана ибадаттары үчүн өздөрүнө тийиштүү болгон «Лунар» (Айдын орбитасына карай тууралаган) календардагы бүткүл айлардын ай баштарын алиге чейин жаңы айдын көрүнүүсү менен жана күбөлөр менен аныкташууда. Кылынган обсерваториялары, обсерваториялардын жери, аттары жана көзөмөл даталары жана сааттары менен катталууда, жарыя салып муну колдонушууда. Бул календар «Ибрани календары». Мусеви жана Яхуди календары деп дагы аталууда. Төмөндөрү шилтемеде кеңири маалымат орун алган.

(https://tr.wikipedia.org/wiki/%C4%B0brani_takvimi)

Мисалы, 2чи Библикал айдын хилалы (жаңы айы) 7-Май, 2016 күнү төмөндөгү жерлерден жандарында жазылуу кишилер тарабынан көзөмөлдөнгөн жана 8-Май күнү ай башталышы болгон. Биздин Хижри Камери календарыбыздын жаңы айдын көрүнүүсү менен башталган «Шабан» айына туура келүүдө. Ошондуктан, ар ай башы жаңы айдын көрүнүүсү менен башталгандыктан, биз колдонгон Хижри Камери айлардан биринин жаңы айдын көрүнүүсү менен башталган ай башына туура келүүдө. Төмөндөгү шилтеме менен кирилгенде ар ай баштары үчүн көрүлүүсү мүмкүн болгон картасын да көзөмөлдөн мурда жарыялагандыктары көрүлүүдө.

http://renewedmoon.com/)

**Bali, Indonesia** [AhmadAdji (6:24pm/UCT+8)]
**Poriyallit, Israel** [RebeccaBiderman (7:47pm/UCT+2)]
**Jerusalem, Israel** [Devorah Gordon (7:49**pm**/UCT+2)]

1чи Библикал айдын жаңы айы (бул Ражаб айына туш келүүдө) 8-Апрель 2016 күнү төмөндөгү жерлерден жандарында жазылуу кишилер тарабынан көзөмөлдөнгөн жана 9-Апрель күнү колдонгондору Айдын башталышы болгон.

http://renewedmoon.com/archived-reports/archive.htm?d=2016-2017-01
(2016-05-26 00:23)

**Darwin &Perth, Australia** [ShabbirAhmed (approx. 6:45pm/UCT+9:30)]
**Colombo, Sri Lanka** [Nimal Road Mosque (approx. 6:19pm/UCT+5:30)]
**Gothenburg, Sweden** [MiltonAbili (21:15)]

## 5. РАЖАБ-1437 АЙЫНА ТИЙИШТҮҮ ЖАҢЫ АЙДЫН КӨЗӨМӨЛҮ

Календар Комиссиябыз тарабынан маалы менен жаңы айдын көрүнүүсүн көзөмөлдөөгө чыгылып, ай көрүлгөндө видеого түшүрүлүүдө. Мисалы, 1437-жылы Ражаб Айы ай көзөмөлүнө 7 жана 8-Апрел кечинде чыгып, бир гана Түркияда календарлар билдирген 7-Апрель Бейшемби кечи Түркияны кошкондо дүйнөнүн эч бир жеринде жаңы ай көрүлгөн эмес. 8-Апрель Жума кечи кайрадан көзөмөлгө барылды жана жаңы ай көрүлүп, буга тийиштүү ар кандай сүрөттөр тартылып алынган. Көзөмөл боюнча 1437-жылы Ражаб айы календарларда жазган жана колдонулган 8-Апрель 2016 күнүндө эмес, 9-Апрель 2016 күнү башталган болууда. Буга байланыштуу кылынган көзөмөлдө тартылып алынган сүрөттөр менен түшүрүлгөн видеону төмөндөгү шилтеме аркылуу көрүүгө болот.

http://www.turktakvim.com/index.php?link=html/rasadlar/rasadlar.html

- **НАТЫЙЖА**

Камери айлардын биринчи күндөрүнүн куралсыз көз менен кароо менен расадга таянган көрүү аркылуу аныкталуусунун зарылдыгы жогоруда илимий жана диний далилдер менен далилделген.

Рамазан жана Айт майрам айларынын алгачкы күндөрүнүн аныкталышы үчүн жаңы айдын көрүлүүсүнүн зарылдыгы “Насс” менен далилделген. Насс болгон маселеде ижтихад кылынбайт.

Бул айлардын жана башка бардык камерий айлардын башталгычынын аныкталышында жаңы айдын көрүлүүсү эсеп кылына албай тургандыгы USNO сайтында анык түшүндүрмөлөр менен орун алган.

Хижри камери айлардын баштапкы күндөрүнүн аныкталышында жаңы айдын куралсыз көз менен көрүлүүсү негиз кылып алынгандыктан Жаңы Айдын жаңы айынын чыгуу эсептерине карата даярдалган календарларда билдирилген күндөргө эмес, ай башталгычтарынын расад аркылуу аныкталган күндөргө уюлуусу зарыл.

Кыскасы, айдын биринчи күндөрү эсеп аркылуу эмес, расад аркылуу аныкталышы керек.

Айрыкча, Аср-ы саадаттан бери Ислам аймактарында бул маселедеги тажрыйбалар абыройлуу накылга жана акылга таянган документтер менен далилденген.

**БҮЛЕНТ ГЕНЧЭР**
**ТҮРКИЯ КАЛЕНДАРЫ**

**УБАКЫТ ЭСЕПТӨӨ**

**КОМИССИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИ**

**Тел:** 0212 454 2388
**E-mail:** info@turktakvim.com
**Web:** www.turktakvim.com

**Website:** http://aa.usno.navy.mil/faq/docs/crescent.php

# CRESCENT MOON VISIBILITY

Although the date and time of each New Moon can be computed exactly, the visibility of the lunar crescent as a function of the Moon's "age"—the time counted from New Moon—depends upon many factors and cannot be predicted with certainty. During the first two days after New Moon, the young crescent Moon appears very low in the western sky after sunset, must be viewed through bright twilight, and sets shortly after sunset. The sighting of the lunar crescent within one day of New Moon is usually difficult. The crescent at this time is quite thin, has a low surface brightness, and can easily be lost in the twilight. Generally, the lunar crescent will become visible to suitably-located, experienced observers with good sky conditions about one day after New Moon. However, the time that the crescent actually becomes visible varies quite a bit from one month to another. Naked-eye sightings as early as 15.5 hours after New Moon have been reliably reported while observers with telescopes have made reliable reports as early as 12.1 hours after New Moon. Because these observations are exceptional, crescent sightings this early in the lunar month should not be expected as the norm.

The visibility of the young lunar crescent depends on sky conditions and the location, experience, and preparation of the observer. Generally, low-latitude and high-altitude observers who know exactly where and when to look will be favored. For observers at mid-northern latitudes, months near the spring equinox are also favored, because the ecliptic makes a relatively steep angle to the western horizon during these months. The steep angle means the Moon's altitude will be greater just after sunset.

Ignoring local conditions for the moment and visualizing the problem from outside the Earth's atmosphere, the size and brightness of the lunar crescent depend on only one astronomical quantity: the *elongation* of the Moon from the Sun, which is the apparent angular distance between their centers. For this reason, the elongation has also been called the *arc of light*. If the value of the elongation at any instant is known, the width of the crescent can be computed.

The elongation as a function of the Moon's age depends on several factors:

1. **The Moon's elongation at New Moon.** The elongation of the Moon at New Moon is not necessarily 0. The Moon's center may pass directly in front of the Sun at New Moon (when a solar eclipse will occur) or it may be as much as five degrees to the north or south of the Sun. That is, the Moon can *start* the month with an elongation ranging from zero to five degrees. A minor complicating factor involves the definition of New Moon in the almanacs. Astronomical New Moon is defined to occur when the Sun and Moon have the same geocentric ecliptic longitude, which may not occur precisely when the Sun and Moon are closest together in the sky.
2. **The speed of the Moon in its orbit.** The Moon's orbit is elliptical, and its speed is greatest when it is near perigee (closest to the Earth), least near apogee (furthest from the Earth). The change in speed is caused by conservation of angular momentum; the same principle causes a spinning ice skater to speed up when she pulls her arms inward. If perigee occurs near New Moon, the Moon will appear to be moving away from the Sun in the sky at a greater than average rate.
3. **The distance of the Moon:** Because of its elliptical orbit, the distance of the Moon varies. Even if the Moon moved with a constant speed, its angular motion as viewed from the Earth would be greater when the Moon is near perigee. Similarly, a nearby automobile appears to be moving quicker than a more distant one, even if they are actually moving at the same speed.
4. **The observer's location (parallax).** If the observer is located in the tropics such that the one-day-old-Moon is observed just before it sets, its elongation as seen by the observer will be about a degree less than that seen by a fictitious observer at the center of the Earth, which is the position used for most almanac calculations. Similarly, if you look at a foreground object with one eye closed and then close that eye and open the other, the object makes an apparent jump against the background. The change in the observed elongation is less for observers at middle or high latitudes; however, other geometric factors are less favorable for these observers.

Factors (2) and (3) are linked by Kepler's second law, which predicts that the angular speed of the Moon as seen from the Earth will vary by about 22%. The combined effect of the first three factors gives geocentric elongation of the Moon from the Sun at an age of one day can vary between about 10 and 15 degrees. The last factor can subtract about a degree for an observer at the equator.

This large range of possible elongations in the one-day-old Moon is critical. At this time the width of the crescent is increasing with the square of the elongation, and the surface brightness of the crescent is also rapidly increasing. The apparent area of the crescent also increases inversely with the square of the distance to the Moon. Some of the earliest reliable sightings of the crescent occur near elongations of around 10 degrees. Simply specifying the age or elongation of the Moon cannot tell the whole story. But the elongation is a more reliable parameter to use *as a starting point* in assessing the lunar crescent visibility at any given date and time.

The prediction of the first sighting of the early crescent Moon is an interesting problem because it simultaneously involves a number of highly non-linear effects. Stated in less technical language, many things are changing very rapidly. Effects to be considered are the geometry of the Sun, Moon, and natural horizon; the width and surface brightness of the crescent; the absorption of moonlight and the scattering of sunlight in the Earth's atmosphere; and the physiology of human vision. This problem has a rich literature. Some modern astronomical references are:


- Caldwell, J.A.R. & Laney, C.D. 2001, "First Visibility of the Lunar Crescent",*African Skies*, No. 5, pp. 15–23
- Doggett, L. E. & Schaefer, B. E. 1994, "Lunar Crescent Visibility," *Icarus*, Vol. 107, pp. 388–403.
- Fatoohi, L.J., Stephenson, F.R., & Al-Dargazelli, S.S. 1998, "The Danjon Limit of First Visibility of the Lunar Crescent," *The Observatory*, Vol. 118, pp. 65–72
- Fatoohi, L.J., Stephenson, F.R., & Al-Dargazelli, S.S. 1999, "The Babylonian First Visibility of the Lunar Crescent: Data and Criterion," *Journal for the History of Astronomy*, Vol. 30, pp. 51ndash;72
- Ilyas, M. 1994, "Lunar Crescent Visibility Criterion and Islamic Calendar,"*Quarterly Journal of the Royal Astronomical Society*, Vol. 35, pp. 425–461
- Pepin, M. B. 1996, "In Quest of the Youngest Moon", *Sky & Telescope*, December 1996, pp. 104–106
- Schaefer, B. E. 1988, "Visibility of the Lunar Crescent," *Quarterly Journal of the Royal Astronomical Society*, Vol. 29, pp. 511–523
- Schaefer, B. E., Ahmad, I. A., & Doggett, L. E. 1993, "Records for Young Moon Sightings," *Quarterly Journal of the Royal Astronomical Society*, Vol. 34, pp. 53–56


Her Majesty's Nautical Almanac Office computes and distributes predictions of lunar crescent visibility. The *Astronomical Calendar* by Guy Ottewell includes good diagrams of the positions of young and old Moons during the year (drawn for the eastern U.S.) and an explanation of the factors affecting their visibility.

Related information on these web pages includes:

- Phases of the Moon and Percent of the Moon Illuminated (definitions) in **FAQ**
- Dates of Primary Phases of the Moon in **Data Services**
- Fraction of the Moon Illuminated in **Data Services**
- What the Moon Looks Like Today in **Data Services**
- Complete Sun and Moon Data for One Day in **Data Services**
- Sun or Moon Rise/Set Table for One Year in **Data Services**
- The Islamic Calendar in **FAQ**